| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

**Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XV сессиясынынын № 42 токтому**
**6-октябрь 2023-жыл**

## Акча каражатын жылдыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Бюджет Кодексине" жана "Жергиликтүү кенештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык, Төрт-Күл айыл Өкмөтүнүн кирешелер боюнча башкы адис М.Жамылованын сунушун угуп, талкуулап айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Төмөндөгү теңдештирүүчү гранттан үнөмдөлгөн клубдун 2111-статьясынан 119890 сомго азайтылсын, клубдун 2121-статьясынан 20681 сомго азайтылсын. Темир-Канат айылындагы бала бакча ишке кирбей калгандыктан 2218-статьясынан 57600 сомго азайтылсын, жалпы суммасы 198171 сом. 26-сентябрь 2023-жылдагы №4 "Акча каражатын жылдыруу жөнүндө" токтомундагы калган 532300 сомго 198171 сом кошулуп жалпы 730471 сомду пайдалануу үчүн төмөндөгүдөй бөлүштүрүлсүн. Темир-Канат айылынын клубуна трансформатор жана керектүү тетиктерин сатып алуу үчүн 443700 сом 3112-статьясына көбөйтүлсүн, К.Тайлаков атындагы жалпы орто билим берүү мектебине көмүр алууга 197600 сом бөлүнүп, мектептин 2224-статьясына көбөйтүлсүн. Ховонун дөңгөлөгүн алууга 70000сом бөлүнүп, ЖКХнын 3112-статьясына 70000 сомго көбөйтүлсүн. Туура-Суу айылындагы ФАПтын коругуна 12046 сом бөлүнүп, аппараттын 2222-статьясына көбөйтүлсүн. Мектептин керектүү материалдарын алууга 7125 сом бөлүнүп, аппараттын 2222-статьясына көбөйтүлсүн.

2. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Төрт-Күл айылдык кеңештин жооптуу катчысы Г.Садыровага тапшырылсын.

3.Бул токтомдун аткарылышы Төрт-Күл айыл аймагынын башчысы У.Төлөновго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Төрт-Күл айылдык Кеңешининин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча комиссиянын төрагасына тапшырылсын.

**Төрага** **У.Карыпбаев**